# PLITONIT ГидроКатмар Экспресс




**5 кг**

✓**Негиз менен жогорку деңгээлде жабышуусу**
✓**Сырткы жана ички иштер үчүн**
✓**Экспресс-гидроизоляция — 3 сааттан кийин каптоо**
✓**Суу өткөрбөөчүлүк белгиси W12**

PLITONIT Plitonit Deutsche Qualität

ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ

## Сырткы жана ички жумуштар үчүн цемент негизиндеги кургак, бат кургама гидроизоляциялык аралашма

Башка тилдеги нускаманы жүктөп алуу/
Download the manual in another language
kz | az | uz | tj | kg | tm | am | ge | mn

### Колдонуу чөйрөсү

Өндүрүм бетондон, темир-бетондон, кыштан жасалган тик жана туурасынан келген түзүмдөрдү жер астындагы жана жаан-чачын сууларынын таасиринен гидроизоляциялык жактан коргоого жана оңдоого, ошондой эле сууда колдонулган учурда конструкция аркылуу ныңдуулуктун сиңишине жол бербөөгө арналган. Катуу каптоочу катмарды пайда кылат жана деформациялык күч келбеген жертөлөлөрдү, цоколь кабаттарын, жуунуучу бөлмөлөрдү, имараттын тегерегиндеги бетон тилкелерди, пайдубалдарды жана башка жайларды гидроизоляциялоо үчүн сунушталат.
Өндүрүм ичүүчү суу менен тийишүүгө МСЭК (Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл) органдарынын уруксатына ээ.

| **Негиздин түрлөрү** | **Пол / Дубалдар** |
|---|---|
| Бетон, темир-бетон, уюктуу блоктор, кыш, цемент негизиндеги шыбак, цемент, гипс же ар тараптуу негиздеги куйма полдор | + |
| ГКЛ, ГВЛ, СМЛ | + |
| ЦСП, OSB, фанера | — |
| Алсыз жана борпоң негиздер | — |
| **Колдонуу чөйрөсү** | |
| Террассалар жана балкондор | + |
| Имараттардын жер деңгээлинен төмөн жайгашкан бөлүктөрү: пайдубалдар, жер төлөлөр жана б.у.с. | + |
| Курама жана монолиттүү бассейндер, тереңдиги 80 метрге чейинки чарбалык максаттагы суу сактагычтары | — |
| **Кийинки катмарлардын түрлөрү** | **Пол / Дубалдар** |
| Плитка жана керамогранит үчүн желим | + |
| Цемент негизиндеги шыбак | + |
| Цемент, гипс же ар тараптуу негиздеги куйма полдор | + |
| Кийинки жасалгалоосуз колдонуу (механикалык күч келтирүүсүз) | + |
| Боёк / тушкагаздар | — |
| Эпоксид негизиндеги куйма полдор | — |

### Негизди даярдоо

Бет чаңдан, кирден, майлардан, цемент сүтүнөн жана материалдын негизге жабышуусуна тоскоол болгон башка бөлүкчөлөрдөн тазаланышы керек. Полимердик гидроизоляцияны сыйпоодон мурун жаракаларды, чуңкурларды, көңдөйлөрдү жана башка учтуу текши эмес жерлерди шпаклевка, шыбак (штукатурка) же цемент негизиндеги ремонттук аралашма, мисалы, PLITONIT РемСостав менен толтуруп чыгуу зарыл.
Негизги жумуштарды баштоодон мурун бетинин эң татаал тилкелеринде катмардын эң чоң калыңдыгында сыноо иретинде шыбап көрүү (~1 м²) сунушталат.

### Аралашманы даярдоо

**Кургак аралашманы даярдоо үчүн ичүүчү суу түтүгүнөн алынган сууну колдонуу керек. Аралаштыруу катышы: 1 кг кургак аралашмага 0,18-0,22 л суу талап кылынат (5 кг үчүн 0,9-1,1 л)**

| | |
|---|---|
| 1 | Кургак аралашманы аралаштыруу үчүн бөлмө температурасындагы суунун керектүү көлөмүн өлчөңүз |
| 2 | Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн суунун өлчөмүнө кошуңуз |
| 3 | Кургак аралашманы электр миксери же насадкасы бар электр бургу менен 2–3 мүнөт аралыгында бир тектүү масса алынганга чейин аралаштырыңыз* |
| 4 | Аралашманы 5 мүнөт тыныктырып, андан кийин кайра аралаштырыңыз |

* айлануу жыштыгы 600 мүн/айл көп эмес
Даяр аралашманы колдонуу убактысы 40 мүнөттөн ашпоого тийиш.

### Иштерди аткаруу тартиби

| | |
|---|---|
| 1 | Даяр аралашманы анын коюулугуна жараша шпатель, кельма же кыл калем менен сүйкөңүз. |
| ! | Гидроизоляциялык каптаманы сыйпоо жумуштарын муздак тигиштерди пайда кылбастан, үзгүлтүксүз жүргүзүү зарыл. |
| ! | Бир катмарды сүйкөөнүн сунушталган калыңдыгы: 2–5 мм. |
| ! | Жумушта 40 мүнөткө чейин тыныгуу болгон учурда сүйкөлгөн аралашманы бетке тигинен кылып кесип, үстүн ныңдуу материал менен жаап коюу керек. |
| ! | Көп катмарлуу гидроизоляциялык жабууну төшөөдө ар бир кийинки катмар мурунку катмар катkандан кийин (болжол менен 2–4 сааттан соң) сүйкөлөт. |

**Сүйкөлгөн аралашманы алгачкы 3 сааттын ичинде өтө тез кургап кетүүдөн коргоо керек, бул үчүн каалаган жабуу материалын: полиэтилен плёнкасын, битум негизиндеги каптоочу материалды ж.б. колдонууга болот. Ошондой эле алгачкы 3 сааттын ичинде сүйкөлгөн жабууну каалаган ныңдалган кездеме материал менен коргоого уруксат берилет.**

### Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| **Кургак аралашма үчүн** | |
| Толтургучтун эң көп өлчөмү | 0,63 мм |
| Жууруу үчүн суунун чыгымы:<br>• 1 кг үчүн<br>• 5 кг кап үчүн | 0,18-0,22 л<br>0,9-1,1 л |
| Катмар калыңдыгы 1 мм болгондо аралашманын чыгымы | 1,6-1,8 кг/м² |
| **Колдонууга даяр болгон аралашма үчүн** | |
| Аралашманын колдонуу убактысы | 40 мүнөттөн ашырбай |
| Даяр аралашманын ката баштоо мөөнөтү | 30 мүнөттөн эрте эмес |
| **Каткан абалдагы аралашма үчүн** | |
| Белгилүү убакыттагы кысууга болгон бекемдик<br>• 3 саат<br>• 28 сутка | 4 МПа кем эмес<br>25 МПа кем эмес |
| 28 суткадан кийин ийилүүгө болгон созулуу бекемдиги | 5 МПа кем эмес |
| Аралашманын бетон негизи менен жабышуу бекемдиги | 1 МПа кем эмес |
| Үшүккө туруктуулугу боюнча аралашманын белгиси | F150 |
| Түз басым шартында суу өткөрбөстүк маркасы | W12 |
| Суунун тескери басымы шартында суу өткөрбөстүктүн белгиси | W8 |
| Пайдалануу температурасы | -20°Стан +70°Ска чейин |
| Ичүүчү суу менен тийүүсү | уруксат берилет |
| Табигый радионуклиддердин салыштырмалуу натыйжалуу активдүүлүгү | 370 Бк/кг көп эмес |

### Сыйпоо катмарларынын саны жана чыгымы

| Колдонуу чөйрөсү | Катмалардын саны | Каптаманын жалпы калыңдыгы, мм | Сарпталуусу, кг/м² |
|---|---|---|---|
| Чайынма/жуунуучу бөлмөнүн полу | 1 | 2 | 3,8 |
| Террассалар жана балкондор | 1 | 2 | 3,8 |
| Пайдубалдар, жер төлөлөр ж.б. | 1-2 | 3-5 | 5,4-9 |

**Жумуш аткаруунун шарттары**
Жумуштарды аткаруу учурунда жана андан кийинки 3 сутка бою абанын жана негиздин температурасы +5°Стан +30°Ска чейинки чектерде болушу керек. Жумуштарды аткарууда аралашманын температурасы – +10°Стан +30°Ска чейин. Тышкы жумуштарды жүргүзүүдө бетти атмосфералык жаан-чачындардан жана түз тийген күн нурларынан коргоо зарыл.

**Көңүл буруңуз**
Көрсөтүлгөн убакыт мүнөздөмөлөрү айлана-чөйрөнүн температурасы 20±2°С жана абанын салыштырмалуу нымдуулугу 60±10% болгон шартта жарактуу болуп саналат, ал эми башка температуралык жана нымдуулук шарттарында өзгөрүшү мүмкүн. Жумуштарды аткарууда жалпы курулуш иштерин жүргүзүү боюнча нускамаларга жана курулуштагы техникалык коопсуздук эрежелерине ылайык иш кылуу керек. Жумуш аткарылып жаткан аралашманы мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу сунушталат. Кезектеги жасалгалоо жумуштарын бетте кемтиктердин жоктугун жана суунун чыпкаланып өтпөгөндүгүн текшергенден кийин (болжол менен 3 суткадан кийин) жүргүзүү керек. Кемтиктер (катмардын сыйрылган жерлери, суунун чыпкаланышы) аныкталса, бул тилкелерди ачып, жумушту кайрадан кайталоо керек.

**Сактык чаралары**
Мастика ГОСТ 12.1.007ге ылайык кооптуулуктун 4-классына көп коопту эмес заттарга) кирет.

**Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек.**

**Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салыш керек жана доктурга кайрылуу зарыл.**

**БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!**

**Курамы**
Кум, портландцемент, өзгөрүп турма жана гидрофобизациялоочу кошулмалар, микробулалар.

**Ташуу жана сактоо**
Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон жайларда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: даярдалган күндөн тартып 12 ай.

**Өндүрүүчүнүн кепилдиктери**
Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманын ГОСТ 31357 жана ТУ 5745-105-51552155-2014 талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ 8.579-2001ге ылайык четтөөгө жол берилет. Өнүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилет (Аэфф < 370 Бк/кг; СанПиН 2.6.1.25.23-09 «Радиациялык коопсуздук нормалары (РКН 99/2009)» боюнча материалдардын I классы).

**Маанилүү кеңештер**
Бассейндерди, кудуктарды, жертөлөлөрдү, суу сактагычтарды жана суунун жогорку басымынын таасирине дуушар болгон башка объекттерди гидроизоляциялоо үчүн ПЛИТОНИТ ГидроЭласт 2К ийкемдүү эки курам бөлүктүү гидроизоляциясын колдонууну сунуштайбыз. Каптоонун (облицовканын) астына тигишсиз гидроизоляция орнотуу үчүн PLITONIT ГидроЭласт полимердик гидроизоляциясын колдонуңуз, ал чайынма кабиналарына, анын ичинде поддону жокторуна, жуунуучу бөлмөлөргө жана башка нымдуу жайларга ылайыктуу, ошондой эле балконду гидроизоляциялоо үчүн да колдонулушу мүмкүн.


**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮ КОЛДОО КЫЗМАТЫ**

8 (800) 555 - 71 - 67

www.plitonit.ru

e-mail: info@mc-bauchemie.ru